## *№11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинин 2020-2021-окуу жылына карата“Окуу керемет!” долбоору боюнча аткарылган иш-аракеттер боюнча маалымат.*

2020-2021-окуу жылында биздин Тогуз-Торо районунда да ЮСАИДдин «Окуу керемет!» долбоору старт алды.Бул долбоор- башталгыч мектептин окуучуларынын окуу жана математика боюнча окуп-үйрөнүү натыйжаларын жакшыртууга багытталган беш жылдык(2019-2024)долбоор”

“Окуу керемет!”долбоорунун максаты-инклюзивдик билим берүү,теңдик жана жаны ыкмаларды пайдалануу менен балдардын окуу жана математикалык көндүмдөрүн өнүктүрүү болуп саналат.Башталгыч мектепте балдарды окуганга гана уйрөтпөстөн бардык предметтерди өздөштүрүүдө балдар китептерин колдонуу менен терең ой жугурткөн,ар тараптуу өнуккөн чыгармачыл балдарды калыптандыруу эң маанилүү.Долбоор боюнча атайын тренерлер даярдалып,онлайн жана офлайн окуулар болуп турду.5модул боюнча конференциялар өз убагында өтулүп.кайтарым байланыштар берилип турду.Тренерлердин катышуусунда окуган ыкмаларды сабактарда пайдалануу менен ачык сабактар өтүлүп жатты.Балдар китептерин бардык предметтерде колдонуу сапаттуу жана натыйжалуу экендигин төмөндө өтүлгөн ачык сабактардан көрүүгө болот

1-класска Жээналиева Калыгул ТТКН сабагынан “ Гигиена жана коопсуздук” деген темада “Майпан мамалак” балдар китебин пайдаланып,сан катары менен сабак өттү.

2-класска Жайчиева Жыпаркул адеп сабагынан “Билим түгөнбөс байлык” деген темада РАФТ, адабий ийрим стратегияларын колдонду.

4-класска Биримбаева Элмира мекен таануу сабагынан “Жердин экологиялык маселелери” деген темада” Сократтын семинары “ ыкмасы пайдаланылды. Мында окуучулар ички жана сырткы тегерек болуп отурушуп,суроо-жооп аркылуу темага талкуу жүргүзүү менен бири-бирине суроо берүү аркылуу суроо берүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт.







***2021-2022-окуу жылындагы №11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинин “Окуу керемет!” долбоору боюнча маалыматтар.***

Башталгыч класстар боюнча “ Окуу керемет!” долбоору бул жылы да өз ишин улантты.Бул долбоор боюнча иш-чаралар түзулуп,алгылыктуу иштер жасалды.Ар бир башталгыч класс кабинеттеринде “Окуу керемет!”бурчтары түзүлүп,ар бир класс “Окуу керемет!”көчмө китеп сумкасын уюштуруу менен “Окурман уй-бүлө” жана “Окуу сааттары” уюштурулду.








Бул окуу жылы биздин башталгыч класстар бирикмесинде райондук денгээлде” Башталгыч класстарда дифференцияланган окутууну колдонуу”деген темада семинар өтүлдү

.Семинардын максаты: Санариптештирүүнү ишке ашырууда окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн,мүмкүнчүлүктөрүн жана жөндөмдүүлүктөрүн эске алуу менен окууга болгон кызыгуусун жаңы технологияларды колдонуу менен ишке ашыруу.

Семинар өз максатына жетүү менен жылуу,жакшы пикирлер айтылып,”Окуу керемет”долбоорунан ыраазычылык кат алынды

| № | Өтүлгөн сабактын темалары | классы | предмети | Колдонулган стратегиялар | Сабак өткөн мугалим |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мисал-маселе иштөө | 2-кл | матем | Сандык катар | Жээналиева К. |
| 2 | Күкүк менен Зейнеп | 1-кл | алиппе | Божомолдоо | Эркулова З. |
| 3 | Ууру үкү | 3-кл | Адабий окуу | Окурмандардын пикири | Жайчиева Ж. |
| 4 | Бекеттер боюнча орун алмашуу | | | презентация | Биримбаева Э. |
| 5 | Кыргызстандын коңшу мамлекеттери | 4-кл | М.таануу | KLIL,көп деңгелдүү тапшырма | Турсуналиева А. |






***№11Саймалуу Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинин башталгыч класстарынын мугалимдери***







***“Окуу керемет!” долбоору боюнча өтүлгөн семинардагы ачык сабактар.***







***Семинарда башталгыч класстар кабинетинин ачылышын тааныштыруу учуру***





***ОКУУ ЖАНА ЭСЕП лагери жайкы каникул учурунда окуучулардын окууга жана математикага болгон кызыгуусун арттыруу максатында уюшулган.***










## *Математика предмети боюнча ачык сабактар*

2022-жылдын январь айынан баштап,"Окуу кереметтин" математика сабагы боюнча окуу курсу башталды.Мында 10 модуль боюнча окутулуп,окуучулар үчүн мисал-маселе иштөөдө өздөрүнүн чыгарылыштарын кантип түшүндүрүүнү үйрөнүү менен өз алдынча ойлоно билүү жөндөмү,эсептөөлөрү жогорулап,математиканы терен түшүнүшөт.Модулдарда окутуунун натыйжалуу стратегиялары сунушталып,калыптандыруучу баалоонун куралы болгон BaalooApp тиркемелерин колдонуу менен окуучулардын жетишкендиктери бааланат.





